| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 22-майы №14** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагына караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине, айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине жана башка багыттагы жерлерине аукцион өткөрүү боюнча комиссия курамына өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерин, айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин жана башка багыттагы жерлерин ижарага берүү үчүн аукцион өткөрүү боюнча 2025-жылдын 4-апрелиндеги №2 токтомуна өзгөртүү киргизүү керектиги жөнүндө маселени карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кенешинин депутаттарынын VIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине, айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине жана башка багыттагы жерлерине аукцион өткорүү боюнча комиссия төмөндөгү курамда бекитилсин:
   - Ж.Качыбекова - Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучусу;
   - М.Эсенаманов - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Ш.Сопубеков - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Б.Супатаев - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Б.Абдрахманов - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Х. Шаршеналиев - Боо-Терек айылынын тургуну;
   - Бакай-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын өкүлү;
2. Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине аукцион өткөрүү боюнча комиссиянын катчысы болуп айыл өкмөтүнүн кызматкери А.Алымкулова дайындалсын.
3. Айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу жана айыл чарба маселери боюнча башкы адиси А.Тойчубеков айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине аукцион өткөрүү боюнча аукциончу болуп дайындалсын.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 22-майы №15** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагынын 2026-2027-2028-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорун кароо жонүндо**

Күмүштак айыл аймагынын 2026-2027-2028-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорун угуп, карап чыгып талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин VIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл аймагынын 2026-2027-2028-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоору жактырылсын.

2. Долбоордогу 2026-жылга карата киреше бөлүгү 34218,4 миң сом ал эми салыктык кирешелер 13346,4 миң сом салыктык эмес кирешелер 14130,5миң сом, тендештирүү трансферттер 6741,5 миң сом деп белгиленсин.

3. Долбоордогу 2027-жылга карата киреше бөлүгү 34437,1 миң сом ал эми салыктык кирешелер 13565,1 миң сом, салыктык эмес кирешелер 14130,5 миң сом, тендештирүү трансферттер 6741,5 миң сом деп белгиленсин.

4. Долбоордогу 2028-жылга карата киреше бөлүгү 34660,4 миң сом ал эми салыктык кирешелер 13788,4 миң сом, салыктык эмес кирешелер 14130,5 миң сом, тендештирүү трансферттер 6741,5 миң сом деп белгиленсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кумүштак айыл өкмөтүнүн башчысы З.Надырбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**